УДК 321.02

# 1993-ЖЫЛЫ 5-МАЙДА КАБЫЛ АЛЫНГАН ЖАҢЫ КОНСТИТУЦИЯ ЖАНА 1994–2003-ЖЫЛДАРДАГЫ АГА КИРГИЗИЛГЕН ӨЗГӨРТҮҮЛӨР.

***Темирбекова Асель,*** *Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлигинин алдындагы К.Диканбаев атындагы Дипломатиялык академиянын аспиранты, эл.дарек: asel_temirbekova92@mail.ru*

**Аннотация**. 1993-жылкы жаңы Конституциянын жана ага удаалаш өткөрүлгөн конституциялык өзгөртүүлөрдүн илимий талдоосу Кыргыз Республикасынын биринчи Баш мыйзамы өлкөдө башкаруунун аралаш президенттик-парламенттик формасын орнотуп, мамлекеттик бийликти монополизациялоо жолунда тоскоолдук катары болгон деп жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Андыктан 1993-жылкы жаңы Негизги мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу Кыргыз Республикасынын постсоветтик тарыхындагы конституциялык курулушунда эң бир жаркын барактардан болуп эсептелинет. Бул – баарыдан мурда көз каранды эмес мамлекеттин, эл аралык укуктун жана дүйнөлүк коомчулуктун толук укуктуу мүчөсүнүн субъектисинин Конституциясы болгон.

Бирок, эгемендиктин алгачкы жылдарынан баштап эле өлкөдө тамырлай баштаган акаевдик-авторитардык саясий режим жаңы кабыл алынган Баш мыйзамды жетекчиликке алып, анын беренелерин эч кыйшаюусуз аткаргандын ордуна, аны көзгө илбей, ага байма-бай өзгөртүүлөрдү кийирип, биздин коомдун таза жашоо шарданын булгап кеткен, кендирди кескен жоруктарды жасап, коррупциялык схемаларды түзүп кеткен. Мына ушул себептүү А.Акаевге авторитардык түзүлүшкө алып келген кийинки конституциялык реформалар керек болгон. Бийлик элдин кызыкчылыктарына кызмат кылаары тууралуу көп сандаган жарыя айтууларга карабай, иш жүзүндө бийлик бийлөөчү элитанын жана чиновниктердин керектөөлөрүн жана амбицияларын канааттандыруу үчүн гана иштеп калган.

**Сыр сөздөр:** конституция, автономия, партия, саясий система, демократия, тоталитаризм, улут, эгемендик, коррупция, клан, авторитардык башкаруу.

# THE NEW CONSTITUTION ADOPTED IN 1993 ON MAY 5 AND CHANGES ADOPTED IN THE PERIOD

***Temirbekova Asel,*** *Graduate student Diplomatic academy Named after Kazi Dikambaev of the Ministry of foreign affairs of the Kyrgyz Republic, e-mail: asel_temirbekova92@mail.ru*

**Abstract.** The scientific analysis of the new Constitution of the Kyrgyz Republic in 1993 and its subsequent changes has established that there is a mixed presidential-parliamentary form of governance in the country, which remains as an obstacle to the monopolization of state power.

Thus, the development and adoption of the new Basic Law of 1993 became one of the most important decisions in the post-Soviet history of Kyrgyzstan. This was primarily a manifestation of the independence of the state in the arena of international law and presented its full membership in the world community.

However, since gaining independence, when the country's power holders began to take root in the authoritarian political regime of Akayev, basing on the new constitution, instead of flawlessly carrying out all the articles, the authorities ignored the fundamental ideas of supreme law and made reckless changes, which undermined confidence and trustiness’ in the authorities and gave impetus to the development of corruption schemes.

For this reason, in order to concentrate power in his hands, A. Akavev needed subsequent constitutional reforms in the future.

In this situation, the authorities adhered to ambitions and interests of certain officials and representatives of the elite, instead of serving the interests of the people and taking care of its needs.

**Keywords:** constitution, autonomy, party, political system, democracy, totalitarianism, nationality, corruption, clan, authoritarian governance.

## НОВАЯ КОНСТИТУЦИЯ, ПРИНЯТАЯ В 1993 ГОДУ 5 МАЯ И ИЗМЕНЕНИЯ ПРИНЯТЫЕ В ПЕРИОД 1994-2003 ГОДА

***Темирбекова Асель,*** *аспирантка Дипломатической академии МИД КР им. К.Диканбаева, эл.адрес:* *asel_temirbekova92@mail.ru*

**Аннотация.** Научный анализ новой Конституци Кыргызской Республики 1993 года и его последующих изменений установил, что в стране смешанная президентско-парламентская форма правления, что является препятствием на пути монополизации государственной власти.

Таким образом, разработка и принятие нового Основного закона 1993 года и стала дной из самых ярчайших страниц постсоветской истории страны. Это в первую очередь стало проявлением независимости государства на арене международного права и полноценного члена мирового общества.

Однако, первые годы после обретения независимости, когда руководство страны начала укореняться в авторитарном политическом режиме Акаева, основываясь на новой конституции, вместо того чтобы безукоризненно выполнять все её статьи, власти игнорировали высший закон и вносили регулярные изменения, что подорвало доверие народа к власти и дало толчок к развитию коррупционных схем. По этой причине для концентрации власти в своих руках А.Акавеву требовались последующие конституционные реформы.

В этой ситуации, власти придерживались амбиций и интересов определённых чиновников и представителей элиты, вместо того чтобы служить интересам всего народа и заботится о его нуждах.

**Ключевые слова:** конституция, автономия, партия, политическая система, демократия, тоталитаризм, национальность, коррупция, клан, авторитарное управление.

Көз карандысыздыктын алгачкы жылдары – биздин өлкөнүн жашоосунун өзгөчөлүү мезгили болгон. Бул жылдар - Кыргызстандын эли коммунисттик-тоталитардык жана Москванын тыкыз көзөмөлүнөн эркиндикке чыгып, өзүнүн улуттук мамлекеттүүлүгүн кайрадан жаратуу менен жигердүү алектенген эң бир жогорку коомдук жана саясий көтөрүлүүнүн жылдары болгон, алардын практикалык иш жүзүнө ашуусу 1993-жылдагы Конституцияда чагылдырылган. Бул Конституция кыргыз элинин кылымдардан бери “Манас” дастанында көздүн карегиндей аздектеп келген эркин, бирдиктүү жана адилет мамлекет куруу жөнүндөгү үмүт-кыялынын, тилегинин жана ал максаттарга жетүү үчүн эч тынымсыз аракеттеринин кабыл болгонунун далили жана жаркын келечекке туура жолду көрсөткөн улуттук идеологиясы болгон.

Бирок, эгемендиктин алгачкы жылдарынан баштап эле өлкөдө тамырлай баштаган акаевдик-авторитардык саясий режим жаңы кабыл алынган Баш мыйзамды жетекчиликке алып, анын беренелерин эч кыйшаюусуз аткаргандын ордуна, аны көзгө илбей, ага байма-бай өзгөртүүлөрдү кийирип, биздин коомдун таза жашоо шарданын булгап кеткен, кендирди кескен жоруктарды жасап, коррупциялык схемаларды түзүп кеткен.

Кыргызстандын конституциялык өнүгүүсүнүн тарыхы 1929-жылы РСФСРдин курамында кыргыздардын тарыхында биринчи жолу автономиялуу республиканын Конституциясын кабыл алуу менен башталган. Андан соң 1937-жылы СССРдин курамында союздук республиканын Конституциясы кабыл алынган, кийинки тепкич 1978-жылдагы Конституция болуп калды. Албетте, алардын ар бири кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүүсүндө жана өнүгүүсүндө, мамлекеттин табияты, алдына коюлган милдети жана иштөөсү тууралуу билимдердин жана тажрыйбалардын топтолуусунда, элдин жана коомдун бийлик менен өз ара мамилелеринде маанилүү роль ойногон.

Ошону менен катар, совет доорундагы бул конституциялардын спецификалуу өзгөчөлүктөрү да болгон. Биринчиден, алардын теориялык негизделиши жана практикалык жактан даярдалышы борбордук партиялык жана мамлекеттик органдарда, Москванын жана Орусиянын илимий мекемелеринде жүзөгө ашырылып, жогортон төмөн түшүрүлүп турган. Улуттук республикаларга жергиликтүү шарттарды эске алуучу айрым гана, өзөктүү эмес өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилген. Экинчиден, кабыл алынган конституциялар россиялык жана жалпы союздук конституциялардын чектеринде аракетте болуп, алардан көчүрүлгөн. Советтер Союзунда бекем конституциялык бирдейлик жашап келген. Үчүнчүдөн, конституциялар өтө эле идеологиялаштырылган жана да мамлекеттин жана укуктун монополиялуу үстөмдүк кылуучу жеке марксисттик-лениндик теориясына негизденишкен. Төртүнчүдөн, конституциялар көп жагынан декларативдүү болгон, бир катар принципиалдуу жоболор ишке ашырылган эмес же реалдуу чындыкка дал келбеген (СССРдин курамынан эркин чыгып кетүү укугу, мыйзамдын жогору турушу, сөз, дүйнөгө болгон көз караш эркиндиги ж.б.)

Андыктан 1993-жылкы жаңы Негизги мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу Кыргыз Республикасынын постсоветтик тарыхындагы конституциялык курулушунда эң бир жаркын барактардан болуп эсептелинет. Бул – баарыдан мурда көз каранды эмес мамлекеттин, эл аралык укуктун жана дүйнөлүк коомчулуктун толук укуктуу мүчөсүнүн субъектисинин Конституциясы болгон.

Ал Конституция улуттук аң-сезимдин ойгонушунун, илимий-чыгармачыл бoштондуктун жана саясий активдүүлүктүн мурда болуп көрбөгөндөй жогорулоосунун, жаңы идеалдарды жана баалуулуктарды интенсивдүү издөөнүн шарттарында иштелип чыккан. Аны иштеп чыгууга көрүнүктүү чет өлкөлүк укук таануучулар жана саясат таануучулар тартылса да, Конституция «чоочун денеден чечип алынган көйнөк» эмес, ата-мекендик окумуштуулардын, саясатчылардын, бүткүл элдин өздүк жаратмандыгы болуп калган. Анда заманбап саясий-укуктук ойдун фундаменталдуу идеялары жана жоболору камтылган, жалпы таанылыштагы эл аралык-укуктук актылар жана дүйнөнүн өнүккөн демократиялык өлкөлөрүнүн конституциялык тажрыйбасы көңүлгө алынган. Акырында, анын негизине кайсы бир партиянын же үстөмдүк кылуучу ак сөөктөрдүн идеологиясы эмес, жарандардын басымдуу көпчүлүгүн канааттандырган принциптер (демократия, жеке менчик укугу, коопсуздук, корголгондук кепилдиги ж.б.) салынган. Жаңы Конституцияга болгон зарылдык тарыхый процесстин объективдүү жүрүшүнөн улам келип чыккан.

Албетте, күн тартибинде тагдыр чечүүчү: Кыргызстанды канткенде толук эгемендүү кылып куруп чыкса болот маселеси турган. Андан да, буга окшогон ойлор ошол маалда капыстан эле чыга калган жок. «Кайра куруу» доорунун убагында эле принципиалдуу жаңы конституциялык идеяларды: көп түрдүү байланыштардын негизинде нукура федеративдүү мамлекетти түзүүнү, союздук республикаларга көбүрөөк өз алдынчалуулук берүүнү, республикалык чарбалык эсепти, шайлоо системасында альтернативдүүлүктү киргизүүнү, улуттук тилди жана маданиятты кайра жаратууну ишке ашыруу аракеттери көрүлүп баштаган, булар андан аркы изденүүлөр жана дискуссиялар үчүн идеологиялык негиз болуп калышкан. Мына ушинтип, 80-жылдардын орто ченинде башталган кайра куруу жана айкындуулук процесси конституциялык өзгөртүүлөрдүн зарылдыгын шарттаган.

Анткен менен, бул мезгилдин мыйзам чыгаруучулук практикасы менен тажрыйбасы 1978-жылдагы Конституцияны улам кайталанган ондоолор менен жакшыртууга мүмкүн эместигин көрсөткөн: ал моралдык жактан да, ошондой эле юридикалык жактан да эскирген болчу. Конституциялык реформалардын төрт жылы ичинде – 1989-1993-жылдары – 11 мыйзам кабыл алынып, булар аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Оңдоолордун мынчалык көп санын киргизүү анын ички бүтүндүгүнүн бузулушуна алып келген[2,55]. Өзүнүн беренелеринде Кыргызстандын жаңы мамлекеттик моделин бекемдөөчү, заманбап шарттарды жана керектөөлөрдү толук түрдө чагылдыруучу жаңы конституцияны кабыл алуу ошол убакта сөзсүз болчу процесс экени айкын көрүнүп калган.

Мына ошентип, 1991-жылдын ноябрынан тарта конституциялык курулушта жаңы этап башталып, ал 1993-жылы 5-майда көз каранды эмес Кыргызстандын жаңы Конституциясынын кабыл алынышы менен акырына чыгарылган.

Албетте, мамлекеттик кайра куруунун бул татаал процессинде бардыгы эле оңой жана сыдыргыга салгандай боло койгон жок. Бир жагынан, конституциялык реформанын түздөн-түз катышуучуларын Конституцияны кабыл алуу зарылдыгын жалпы түшүнүү байланыштырып турган. Экинчи жагынан, ар башка багытты көздөгөн идеялар келип чыгып, бөтөнчө конституциянын мамлекеттик башкаруу бөлүгүндө, бул узакка созулган талаш-тартыштарга, позициялардын кагылышуусуна жана конфликттик кырдаалдарга алып келген.

Анткени менен жаңы Конституциянын үстүнөн болгон кылдат жана көп күч жумшалган жумуш акырына чыгарылып, ал 1993-жылдын 5-майынан тарта күчүнө кирген. Саясий жана юридикалык жагынан алганда Негизги мыйзамдын тексти жетиштүү мыкты иштелген, анда ошол мезгилдин объективдүү реалийлери чагылдырылган, туруктуу саясий системаны жана жарандык коомдун институттарын куруу үчүн өбөлгөлөр түзүлгөн: мамлекеттик бийликти бөлүү принциби ишке ашырылды; «кармануулар жана тең салмактуулук» системасынын негизинде бийликтин ар бир бутагынын ыйгарым укуктары белгиленди; көп партиялуулук жана дүйнөгө болгон көз караш плюрализми жарыя кылынды; эл аралык стандарттарга ылайык адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери эске алынып белгиленди; конституциялык деңгээлде жеке менчик укугу бекемделди.

Бийликти уюштуруу көз карашынан алганда, президенттик-парламенттик республиканын модели түзүлгөн. Алсак, Президент жана Жогорку Кеңеш биргелешип өкмөттү, Конституциялык, Жогорку жана Арбитраждык сотторду түзүшөт, Башкы прокурорду, Улуттук банктын башкармалыгынын төрагасын, чет мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн башчыларын дайындашат. Премьер-министр өз функцияларын өз алдынча жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү ыйгарым укуктарга ээ болгон. Ал мамлекеттин башчысына өкмөт мүчөлүгүнө талапкерлер боюнча сунуштарды киргизе алган, облустардын жана Бишкек шаарынын мамлекеттик администрацияларынын башчылары кызмат орундарына талапкерлерди алып чыгып, административдик ведомстволорду түзгөн жана жойгон, бул органдардын жетекчилерин дайындаган, райондордун жана шаарлардын мамлекеттик администрацияларынын башчыларын кийин Президент тараптан бекитилүүсү менен кызматка дайындаган жана бошоткон.

Президент А.Акаев өзү, жалпы коомчулук, чет өлкөлүк эксперттер жаңы Конституцияга анын жогорку сапаттык деңгээлде аткарылганын белгилешип, жогорку баа беришкен.

Кыргызстан үчүн 1993-жылкы Конституцияны кабыл алуу чындап тарыхый мааниге ээ болгон. Биринчиден, ал мамлекеттик курулушка карата коомдук кызыкчылыктын кубаттуу ойгонушунун, эл массаларынын саясий активдүүлүгүнүн жана укуктук аң-сезимдүүлүгүнүн жогорулоосунун катализатору болуп калган. Дээрлик ар бир төртүнчү кыргызстандык жаңы Конституциянын долбоорун талкуулоого катышкан. Жарандардын мамлекеттин иштерине коомдук катышуусунун 90-жылдардын баш ченинде жетишилген деңгээли өлкөнүн саясий жашоосунда ушу азыркы учурда да башкы факторлордун бири

эсебинде калууда.

Экинчиден, бул актыны кабыл алуу менен, Кыргызстан бүткүл дүйнөгө рыноктук экономика негизиндеги демократиялык мамлекетти курууга карата болгон өзүнүн умтулуусун ачык көрсөтө алган. Бул дүйнөлүк коомчулукта позитивдүү кубаттоолорду жараткан. Биздин өлкө Борбордук Азия аймагындагы «демократия аралчасы» баркына ээ болгон. Үчүнчүдөн, Конституцияда орун алган демократиялык идеалдар жана баалуулуктар, мамлекеттик башкаруунун формасы Кыргызстанды модернизациялоо үчүн жакшы өбөлгөлөрдү түзүшкөн. Бирок, иш жүзүндө андай болгон жок. Конституция ошондогу мамлекет башчысы А.Акаевдин саясий амбицияларынын барымтасына айланган.

А.Акаевде Кыргызстандын конституциялык курулушунун башкача концепциясы болгон. Ал 1992-жылы 29-октябрда «Асаба» гезитинин башкы редактору М.Эшимкановдун суроолоруна жооп берип жатып төмөнкүдөй деген көз карашын билдирген: «Демократтардын сунушун өзүң билесиң. Бирок, жумуриятыбызга азыркы тапта парламенттик республика деген жарашпайт… Ошондуктан демократия - аткаруучу күчтүү бийликтин арты менен жашаарын унутпасак… Мыйзамдарды чыгарып тим болбой, парламент аткаруучу бийликке кийлигише баштаса, анда бүттү, иш жылбайт… Парламенттик башкарууга жамынымыш болуп жасаган иштерибиз жакшылыкка алып барбайт. 1995-жылы шайлангандардын көбүн азыркы депутаттардын эле өзөгү түзөт. Эки жылда психологияны өзгөртүш кыйын. Бөлүнүп-жарылган оорудан кутулалбай жатсак аң-сезим анан каяктан өзгөрөт? Айтор, Президентке англиялык королеванын кейпин кийгизип, Сарыбагыш, Солтолугубузду териштирип, парламенте Түндүк-Түштүк болуп акыйлашып отурсак - жакшылыкка алып келбестир. Кеч боло электе, ушул маселеге айрыкча дит койсок жакшы болоор эле»[1,4].

1993-жылы январда, Конституция кабыл алынганга чейин эле, авторитардык режимдин зарылдыгы жөнүндөгү көз карашын А.Акаев өзүнүн расмий сапары учурунда Израилдин эл аралык мамилелер боюнча кеңешинде алып чыккан. Бул концепциянын башкы мазмуну күчтүү мамлекеттик бийликти, тактап айтканда, өткөөл мезгилдин шарттарында авторитардык башкарууну орнотууда турган [5].

1994-жылы июндун баш ченинде А.Акаев Париждеги Француз эл аралык мамилелер институтунда баяндама менен чыгып, кабыл алынган Конституцияны алгач ирээт, чет өлкөлүк аудиториянын алдында ачык сынга алган. Негизги мыйзамды кабыл алуу убагынан эрте болгонун жана өлкөнүн кризистен чыгуусу үчүн Президент башында турган күчтүү аткаруучулук бийликтин болушу зарылдыгын белгилеп кеткен, муну менен жаңы Конституцияны кабылдабай турганын ачык көрсөткөн.

Ал эми ошол эле жылдын июлунда анын шилтөөсү менен эки палаталуу Жогорку Кеңешти түзүү тууралуу идея демилгеленген. А ага чейин, жаңы Конституцияны иштеп чыгууда А.Акаев эки палаталуу парламент идеясын унитардуу мамлекеттер үчүн мүнөздүү эмес катары четке кагып келген эле. Эми болсо, парламенттин позициясын начарлатуу үчүн бул идея зарыл болуп чыга келди.

Кабыл алынган Конституциянын өзгөртүлбөстүгүн жакташкан оппозициянын, бир катар саясий партиялардын жана коомдук уюмдардын каршылыктарына карабастан, 1994-жылдын 22-октябрында референдум өткөрүлгөн, анын натыйжаларына ылайык, Жогорку Кеңеш эки палаталуу болуп калган: курамы 35 депутаттан турган, туруктуу аракетте болуучу жана республиканын бүткүл калкынын кызыкчылыктарынын өкүлчүлүктөрүнүн негизинде шайлануучу Мыйзам чыгаруу жыйыны жана сессиялык тартипте иштөөчү, 70 депутаттан турган Эл өкүлдөрүнүн жыйыны.

Андан соң конституциялык өзгөртүүлөрдүн вектору президенттик ыйгарым укуктарды түздөн-түз күчөтүү тарабына багыт алган. 1996-жылдын 3-январында А.Акаев күтүүсүздөн эле элге Кайрылуу жасап, анда Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана кошумчалоолорду киргизүү боюнча кезектеги референдумду өткөрүү тууралуу демилгени көтөрөт. Өзүнүн позициясын ал төмөндөгүдөй түшүндүргөн: «убагында мурдагы Жогорку

Кеңеш бардык бийликти Кеңештерге өткөрүп берүү тууралуу ал учурга карата эскирип калган ураандын туткунунда калып, бийлик бутактарынын ыйгарым укуктарын ушунчалык кайра бычкандыктан, Президент, сөздүн аныгында англиялык королеванын абалында калыптыр. Анын кескиленген ыйгарым укуктары жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиги, мамлекеттик бийликтин бардык бутактарынын координатору катары өзүнүн функцияларын жетиштүү эффективдүү жана толук жүзөгө ашырууга жана да бийликтерди бөлүштүрүү системасында чындап баш коштуруучу органдын конституциялык ролун аткарууга мүмкүндүк бербейт»[9].

Референдум 1996-жылдын 10-февралында болуп өткөн. Жалпысынан Конституциянын 97 статьясынын ичинен 49 статьясы өзгөртүүлөргө жана кошумчалоолорго дуушарланышты. Алардын негизги бөлүгү бийликтик мамилелерге тийиштүү болгон. Мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары түп тамырынан кеңейтилип, бекемделген. Эми Президент Өкмөттүн түзүмүн өзү билип аныктап калды жана аны Жогорку Кеңеште бекитүү үчүн алып чыкпай турган болду. Ал Премьер-министр менен кеңешип Өкмөттүн мүчөлөрүн жана административдик ведомстволордун жетекчилерин дайындап калды, мурдагы Конституция боюнча Өкмөттүн курамы парламенттин макулдугу менен дайындалган, ал эми административдик ведомстволордун башчыларын дайындоону Премьер-министр жүзөгө ашырган. Мурда Өкмөттүн ыйгарым укуктарын президенттик демилге боюнча мөөнөтүнөн мурда өткөрүп берүүсү Жогорку Кеңештин макулдугу менен жүзөгө ашырылчу. Референдумдан кийин мыйзам чыгаруучулардын макулдугу талап кылынбай калды.

Облустардын, райондордун жана шаарлардын мамлекеттик администрацияларынын башчыларын дайындоо жана бошотуу ыйгарым укуктары Премьер-министрден Президентке өттү.

Мамлекет башчысы Мамлекеттик катчыны дайындоо, өзүнүн администрациясын түзүү, Коопсуздук кеңешин, Мамлекеттик күзөт кызматын, Улуттук гвардияны жана башка да координациялоочу органдарды түзүү жана жетекчилик кылуу, ошондой эле Өкмөттүн курамына кирбей турган аткаруучулук органдарды түзүү жана жоюу боюнча кошумча ыйгарым укуктарды алды. Мындан тышкары, Президент Башкы прокурордун орун басарларын, облустардын, Бишкек шаарынын прокурорлорун жана аскер прокурорун дайындоо жана бошотуу укугун алды. Парламенттин макулдугусуз эми ал облустардын, Бишкек шаарынын, райондордун, шаарлардын сотторунун төрагаларын, алардын орун басарларын жана судьяларын, арбитраждык жана аскер сотторун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардагы дипломаттык өкүлдөрүн дайындаган жана жумуштан бошоткон.

Конституция боюнча шайлоолор жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссияны жана Текшерүү палатасын түзүү укугу Жогорку Кеңештин карамагында болчу. Референдумдун натыйжаларына ылайык Президент эми Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын жана мүчөлөрүнүн үчтөн бирин дайындаган, ошондой эле Эсептөө палатасынын төрагасын жана аудиторлордун үчтөн бирин дайындаган.

Мындан тышкары, ал мамлекеттик бюджетке түз жеткиликтүүлүктү алып, акчалай ресурстарды өз алдынча ооштуруп-топтоштуруу мүмкүнчүлүгүн алган. Киргизилген конституциялык оңдоолорго ылайык, Президентке мамлекеттик каражаттардын эсебинен тезинен бүткөрүлүчү мүнөздөгү иш-чараларды каржылоо маселелерин өзү билип чечүү жана ар кыл түрдүү фонддорду түзүү укугу берилген.

Айрым бир артыкчылыктуу укуктарды Президент мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү чөйрөсүнөн алат. Жогорку Кеңештин палаталары өздөрүнүн мыйзам чыгаруучулук ыйгарым укуктарын палаталардын экөө тең же алардын бирөө таратылган учурда мамлекет башчысына бир жылдан ашпаган мөөнөткө өткөрүп бере алат. Мындай учурда Президенттин жарлыктары мыйзамдын күчүнө ээ болот. Ошондой эле Мыйзам чыгаруу жыйынынын отурумун же Эл өкүлдөрүнүн жыйынынын сессиясын мөөнөтүнөн мурда чакыруу гана эмес, каралууга тиешелүү маселелерди аныктоого да укуктуу болду.

Президенттин позициялары парламент менен өз ара мамилелеринде да күчөтүлгөн. Алсак, Жогорку Кеңештин бир же эки палатасын тең мөөнөтүнөн мурда таратуу жол-жобосу жөнөкөйлөтүлдү. Эгер мурдараак мындай нерсе жалпы элдик референдумдун натыйжалары боюнча гана мүмкүн болсо, эми Президент палаталардын бирөөсүн же бир эле учурда эки палатаны тең мөнөтүнөн мурда референдумдун натыйжалары боюнча кандай болсо, так эле ошондой Премьер-министрди дайындоого макулдук берүүдөн үч жолу катары менен баш тарткан учурда жана да Жогорку Кеңештин палаталарынын, же болбосо палаталардын бирөөсү же экөөсү менен мамлекеттик бийликтин башка бутактарынын ортосундагы келишкис карама-каршылыктан келип чыккан кризистен улам таратып жибериши ыктымал.

Ошол эле учурда Президенттин өзүн кызматтан четтетүүнүн жол-жобосу олуттуу татаалдаштырылган. Мурдараак Конституция боюнча бул үчүн депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинен аз эмесинин добушу жана Конституциялык соттун корутундусу жетиштүү болгон. Ал эми киргизилген толуктоолор боюнча жол-жобо көп тепкичтүү жана жетиштүү чиеленишкен болуп чыкты. Алсак, Президентти Конституциялык соттун корутундусу менен бекемделген мамлекеттик чыккынчылык же дагы башка оор кылмышты жасаганы Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан күнөөлөнгөнүнүн негизинде гана Эл өкүлдөр жыйыны кызматынан четтете алат. Андан ары Президентти кызматынан четтетиш үчүн, аны күнөөлөгөнү тууралуу Мыйзам чыгаруу жыйынынын чечими палатанын депутаттарынын көпчүлүгүнүн демилгеси, Мыйзам чыгаруу жыйыны түзгөн атайын комиссиянын жыйынтык-бүтүмү болуп, Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүк добушу менен кабыл алынышы керек. Бирок булэле эмес. Конституциялык соттун Мыйзам чыгаруу жыйыны алып чыккан күнөөлөөсү боюнча терс бүтүмү Мыйзам чыгаруу жыйынынын өзүнүн таркатылышына алып келмек. Ал эми Эл өкүлдөрү жыйынынын Президентти кызматынан четтетүү тууралуу токтому Мыйзам чыгаруу жыйыны Президентти күнөөлөө менен чыккандан эки айдан кеч эмес мөөнөттө палатанын депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүк добушу менен кабыл алынышы керек, эгер бул мөөнөттө Эл өкүлдөр жыйыны чечим кабыл албаса, күнөөлөө четке кагылды болуп эсептелинет. Мындай татаалдаштырылган системада мамлекет башчысын кызматтан кетирүү дээрлик мүмкүн эмес болгон.

Түп тамырынан бери кайра кароого Конституциянын парламенттин ыйгарым укуктарына тийиштүү баптары туштуккан. Бул эки палаталуу Жогорку Кеңештин киргизилиши менен гана эмес, ошондой эле бул эки палата өздөрүнүн компетенцияларынын чөйрөсүн өздөрү өз алдынча бөлүштүрө алышпагандары менен да байланыштуу болгон. Парламенттин ыйгарым укуктарына тийиштүү конституциялык нормалар Президентке эч болбоду дегенде парламенттин палаталарынын бирин реалдуу көзөмөлдөй алгандай кылып кайрадан түзүлгөн. Мыйзам чыгарууда негизги роль Мыйзам чыгаруу жыйынына ыйгарылган (тажрыйбалуу ата мекендик эксперт-укук таануучулардын бири палата мыйзамдарды даярдоо жана кабыл алуу башкармалыгынын деңгээлине чейин төмөн түшүрүлдү деп бүтүм-жыйынтыгын чыгарган) [12], ал эми Эл өкүлдөрү жыйынынын негизги милдети республикалык бюджетти карап чыгуу жана бекитүү жана да анын отчетун бекитүү болуп калган, палатанын жана Президенттин биргелешип кароосуна аткаруучулук, сот бийликтеринин жана көзөмөлдөөчү органдардын жогорку эшелондогу кадрларынын дээрлик бардыгын дайындоо жана кызматтан бошотуу берилген. Эл өкүлдөрүнүн жыйынынын пайдасына оодук кокусунан жасалган эмес. Кабыл алынган ондоолорго ылайык, Эл өкүлдөрүнүн жыйынынын депутаттарына бизнес менен алектенүүгө, мамлекеттик кызматка туруусуна чектөөлөр коюлган эмес (мындай тыюу Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарына гана тийиштүү болгон). Ушундай болгондо эл өкүлдөр палатасы аткаруу бийлигинен көз каранды абалына кабылган. Себеби депутат-ишкерлерди, мамлекеттик кызматкерлерди ар кыл түрдүү каржылык, фискалдык, карьералык механизмдерди пайдаланып көзөмөлдөп туруу оңой эмеспи.

Мына ушинтип, А.Акаев Конституциянын 1992-жылы жазылган өзүнө таандык долбоорунда камтылган, бирок кийин «легендарлуу» парламент тарабынан четке кагылган, бардык ыйгарым укуктарды кайрып алып, саясий реваншка жетишкен.

1998-жылы сентябрда А.Акаев Кыргызстандын элине кезектеги референдумду өткөрүү демилгеси менен кайрадан кайрылат. Өзүнүн Кайрылуусунда ал Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын санын көбөйтүүнү, анда депутаттык орундардын 20 пайызын саясий партияларга берүүнү, Эл өкүлдөрүнүн жыйынына шайлануу үчүн отурукташуу цензин киргизүүнү, парламентарийлердин кол тийбестигин депутаттык ыйгарым укуктарды түздөн-түз аткаруу убактары менен чектөөнү, жерге карата жеке менчик киргизүүнү, парламенттин бюджеттик саясаттагы ыйгарым укуктарын чектөөнү жана өз оюн ачык айтуу жана басма сөз эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды кабыл алууга тыюу салууну сунуштайт [10].

Ырасында эле, мамлекет башчысы коомдук кароого өзгөчө маанилүү көйгөйлөрдү алып чыккан. Алып карасак, мисалы, экономикалык жана саясий кайра түзүүлөр жерге карата жеке менчиктин жана парламенттеги орун үчүн партиялардын реалдуу атаандаштыгынын жоктугунан артка кетенчиктеп баштаган, ал эми Мыйзам чыгаруу жыйынынын сандык курамын кеңейтүү мыйзамдарды кабыл алууга карата субъективдүү таасирдин тобокелин төмөндөткөн.

Бирок референдумга сунушталган маселелердин биринин өзүнчө түпкү мааниси болгон. Бул – депутаттык иммунитеттин парламенттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу менен түздөн-түз байланышкан иш-аракеттер учуруна гана тийиштүү болуусу. Принцибинде бул маселенин коюлушу ошол мезгилдин реалдуулуктарынан улам келип чыккан. Депутаттык корпус мыйзамдан жогору туруучу өзгөчөлүү кол тийгис кастага айланган, бул коомдо адилеттүү нааразылыкты жараткан. Депутаттарды Жогорку Кеңештин тийиштүү палатасынын макулдугусуз мыйзамга каршы жасаган иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликке тартууга жол берилбеген, а макулдукту алуу иш жүзүндө түк мүмкүн эмес эле.

Ал эми жашыруун маани А.Акаевдин бул конституциялык оңдоолордун жардамы менен оппозициялык маанайдагы депутаттарды куугунтуктоо үчүн укуктук механизмдерди алганында турат.

Референдум 1998-жылдын 17-октябрында болуп өткөн. Конституцияга толуктоолор жана өзгөртүүлөр кабыл алынды. Ага ылайык, жер менчиктин мамлекеттик, коммуналдык, жекече жана дагы башка формаларында боло алган; Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын саны 60 депутатка чейин көбөйтүлдү, ал эми Эл өкүлдөрүнүн жыйыны, тескерисинче, 70тен 45 парламентарийге чейин азайтылды (чынында бул палатанын санын кыскартуу тууралуу алдын-ала эч сөз болгон эмес); мыйзам чыгаруучулардын палатасындагы 15 орун саясий партияларга берилген; республиканын жашы 25ке толгон, шайлоолорго катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандары Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты боло алган, ал эми Эл өкүлдөрү жыйынынын депутаты болуп жашы 25ке толгон, шайлоолорго катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандар шайлана алган, мунун 3 жылдан кем эмеси тийиштүү облустун же Бишкек шаарынын аймагына тиешелүү болушу керек; палаталардын экөөсүнүн тең депутаттары ыйгарым укуктарынын бүткүл мөөнөтү ичинде айтып чыккан пикирлерине же депутаттык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу учурунда добуш бергенине байланыштуу жооптуу болуп же куугунтуктоолорго алынышпаган; республикалык бюджет тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөр, салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу, аларды төлөөдөн бошотуу тууралуу, мамлекеттин каржылык милдеттенмелерин өзгөртүү туурасындагы мыйзамдардын долбоорлору, анын киреше бөлүгүнүн эсебинен жабылуучу чыгымдарынын көбөйтүлүшүн көңүлгө алуучу мыйзамдардын башка да долбоорлору өкмөттүн макулдугу менен гана кабылданышы мүмкүн, сөз жана басма эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды кабыл алынышына жол

берилбеген.

Мына ошентип, Конституцияга президенттик ыйгарым укуктар менен түздөн-түз байланышпаган оңдоолорду киргизүү менен, А.Акаев өзүнүн бийлигин бекемдеген. Парламенттик иммунитетти чектөөнүн жардамы менен ал көңүлүнө туура келбеген депутаттарды куугунтуктоо мүмкүнчүлүгүн алган, ал эми өкүлчүлүктөр палатасынын сандык курамын кыскартуу палатанын үстүнөн көзөмөлдү жеңилдеткен. Мындан тышкары, аткаруучулук бийликтин бюджеттик-каржылык саясатын монополизациялоо парламенттин позициясын алсыздантты, ошол эле учурда А.Акаев бул чөйрөдөгү артыкчылыктарын сактап калды.

Жыйынтыгында, президенттик бийликти бир тараптуу бекемдөө эң бир терс кесепеттерге: коом менен бийликтин ортосундагы ажырымдын өсүүсүнө, Президент менен оппозициянын ортосундагы каршылашуунун, айрыкча адамдардын өлүмү менен бүткөн Аксы окуяларынан кийин бөтөнчө күчөшүнө алып келди. Натыйжада А.Акаевдин дарегине өлкөдө үй-бүлөөлүк башкарууну орноткондугуна, анын үй-бүлөө мүчөлөрүнүн жана тегерегиндеги жакындарынын өздөрүнүн абалынан кыянаттык менен пайдалангандыгына күнөөлөөлөр, анын мөөнөтүнөн мурда кызматын таштап кетүүсүнө чакырыктар улам тез-тезден жана катуураак чыга баштаган. Жарандык коомдун көпчүлүгү акаевдик башкарууга карата наарazылыгын ачык билдирип, ал эми оппозициянын иш-аракеттери улам көбүрөөк радикалдашып баштаганы анык болуп калган (аксылыктардын Бишкекке жүрүшү, Бишкек–Ош автомагистралын тосуу, бийлик органдарына ачык баш ийбөө актылары, укук коргоочулук түзүмдөр менен кагылышуулар, А.Акаевдин кызматтан кетүүсү үчүн кыймылын түзүү).

Трагедиялуу Аксы окуялары жана коомдук наарazылыктын улам өсүшү А.Акаевди 2002-жылдын 26-августунда конституциялык реформа боюнча кезектеги референдум тууралуу жарыялоого мажбурлады. Ага экинин бирин тандап алуу: бийлигин бөлүшүүсү же өзүн элдин көз алдында биротоло баркы түшүүсүнө жол бериши керек болду. А.Акаев кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүүсүнүн биринчи этабында бийликтин президенттик деңгээлде концентрацияланышы керек болгонун [11], ал эми бул реформанын маңызы ыйгарым укуктарды бийлик жүргүзүүнүн «үч бурчтугуна» (президент–парламент–өкмөт) кайрадан бөлүштүрүүдө, парламентти жана өкмөттү президенттин ыйгарым укуктарынын айрым бөлүгүн өткөрүп берүү жана да токтотуп калуу жана каршы коюу системаларын тең салмакташтыруу жолу менен күчөтүүдө турганын эл алдында ачык мойнуна алды [3].

Бүткүл элдик добуш берүү 2003-жылдын 2-февралында болуп өткөн, анда Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынган. Бирок, кезектеги саясий маневр жасоо менен, А.Акаев бул жерде да өзүнүн көнгөн адатына салган. Өзүнө карата улам өсүп бараткан жагымсыз коомдук мамилени басаңдатуу максатында Конституциянын жаңы редакциясы менен бирге ал референдумга өзүнүн президенттик ыйгарым укуктарын 2005-жылдын декабрына чейин бекитүү тууралуу маселени алып чыккан жана колдоого алынуусуна жетишкен.

Конституциянын жаңы редакциясында бийлик жүргүзүүчү институттардын ыйгарым укуктарынын конфигурациясы олуттуу түрдө өзгөртүлдү. Эми негизги кадрдык маселелерди: өкмөттүн түзүмүн аныктоону; өкмөттүн мүчөлөрүн, жергиликтүү соттордун төрагаларын, алардын орун басарларын жана судьяларын, шайлоолор жана референдумду өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын төрагасын, Эсептөө палатасынын төрагасын, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк мамлекеттердеги жана эл аралык уюмдардагы дипломатиялык өкүлдөрдү дайындоону кайрадан мамлекеттин башчысы жана парламент биргелешип алып бара турган болгон.

Өкмөт Жогорку Кеңешке отчет бере турган болуп, ошондой эле парламент кабинет башчысынын жылыга болчу отчетунун жыйынтыктары боюнча ага ишеним көрсөтпөө мүмкүнчүлүгүн алган.

Премьер-министрдин ыйгарым укуктары бир кыйла кеңейтилген. Эми ал Президентке өкмөттүн түзүмү жана персоналдык курамы, административдик ведомстволордун жетекчилери (мурдараак мамлекеттин башчысы бул маселелер боюнча Премьер-министр менен болгону кеңешип тим болчу), жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылыгына талапкерлер (мурдараак бул кызмат орундарына Президент өзү билип дайындачу) боюнча сунуш киргизе турган болуп калган.

Жогорку Кеңеш көбүрөөк туруктуулукка жетишкен: бир палаталуу система кайтарып берилип, парламентарийлердин сандык курамы көбүрөөк (75 депутат) болуп калган, парламенттик кол тийбестик толук көлөмүндө калыбына келтирилип, комитеттердин саны кыскартылган (7ден көп эмес), депутаттарга мамлекеттик кызматта туруу менен катар, ишкердик менен алектенүүгө тыюу салынган.

Анткен менен парламенттин жана өкмөт башчысынын бийлик жүргүзүүчү ыйгарым укуктарынын күчөтүлгөнүнө карабай, конституциялык реформа жарым-жартылай болуп калган. Президент мурдагыдай эле аткаруу бийлигинин үстүнөн көзөмөлдү жана сот системасына таасирин өзүндө сактап калып, өзүнүн суперпрезиденттик ыйгарым укуктарынын айрым бир бөлүгүн гана бөлүштү. Ошол себептүү ал Акаевге каршы маанайдын чыңалышын аз гана убакытка төмөндөткөнү менен, өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалды турукташтырууну камсыз кыла албады. А.Акаевдин Көз каранды эмес мамлекеттердин шериктештигинде Кыргызстан биринчилерден болуп жаңы доордун – туруктуу өнүгүү доорунун - Конституциясынын негизинде жашаары тууралуу айткан жарыясы иллюзиялуу болуп чыкты [4].

Жогорку мамлекеттик кызматтарга дайындоо маселелери боюнча маанилүү архивдик документтер бүгүнкү күндө да жашыруун тамгасы астында кармалууда [6,201] - деп белгилейт Г.Д.Жунушалиева өзүнүн докторлук диссертациясында. Изилдөөлөрдү жүргүзүү ЖМК материалдарын пайдалануу аркылуу гана мүмкүн болууда. Мисалы, Д.Климентов 2000-ж. 1-июндагы маалыматында Майрам Акаеванын дайындоолорго түздөн-түз катыштыгы бардыгын жана конверттеги төмөнкү сумма 10 миң АКШ долларын түзөөрүн айткан [8]. Көп миллиондогон батыш өлкөлөрүнүн насыялары Адил Тойгонбаевдин долбоорлоруна келээри, бизнес-коомчулуктун пикири боюнча энергетика, транспорт, байланыш, арак-шарап өндүрүшү, “Манас” аэропорту сыяктуу кирешелүү тармактар “күйөө баланын” көзөмөлү астында болгондугу жоромолдонуп жүрчү [8]. Белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмер Касым Исаевдин эки эскермесине токтололук. Биринчиси, “1998-жылы мени өкмөттүн КМШ өлкөлөрү боюнча бөлүмүнө башчы кылып, ал эми менин орун басарым катары Президенттин кеңешчиси Ж.Ибраимовдун карындашын, референт катары мурунку премьер-министр А.Жумагуловдун келинин дайындашып, анан менин макулдугум жөнүндө кол коюп берүүмдү талап кылышкан. ...Албетте мен баш тарткам” [7]. Экинчи эскермесинде окуя “А.Муралиев премьер- министр (апр.1999-ж.-дек.2000-ж.) учурунда болгон дейт. Өкмөттүн эл аралык кызматташтык боюнча башкармалыгынын башчысын документтерге виза койдуруш үчүн да кызмат ордунан тубуу мүмкүн эмес эле. Бул ушундай кызмат болчу...Президенттин уулу Айдар Акаев үйлөнөрүү менен келиндин эжесин ушул кызматка дайындашты”.

**Корутунду.** 1993-жылкы жаңы Конституциянын жана ага удаалаш өткөрүлгөн конституциялык өзгөртүүлөрдүн илимий талдоосу Кыргыз Республикасынын биринчи Баш мыйзамы өлкөдө башкаруунун аралаш президенттик-парламенттик формасын орнотуп, мамлекеттик бийликти монополизациялоо жолунда тоскоолдук катары болгон деп жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Мына ушул себептүү А.Акаевге авторитардык түзүлүшкө алып келген кийинки конституциялык реформалар керек болгон, ал үчүн төмөндөгүлөр мүнөздүү:

– А.Акаевдин, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана тегерегиндеги дос-жакындарынын эсебинен реалдуу бийликти алып жүрүүчүлөрдүн саны жагынан көп эмес бей формалдуу топтун пайда болушу. Бул, өз кезегинде, үй-бүлө мүчөлөрүнүн мамлекеттик чечимдерди

кабыл алуудагы ролунун өсүүсүнө жана “үй-бүлөлүк башкарууга” алып келген;

– А.Акаевдин бийлигинин эл тарабынан иш жүзүндө көзөмөлдөнбөстүгү. Бийлик элдин кызыкчылыктарына кызмат кылаары тууралуу көп сандаган жарыя айтууларга карабай, иш жүзүндө бийлик бийлөөчү элитанын жана чиновниктердин керектөөлөрүн жана амбицияларын канааттандыруу үчүн гана иштеп калган. Өкүлчүлүк органдын – парламенттин, саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин коомдун жашоосундагы ролун конституциялык деңгээлде чектөөгө умтулуу, мына ушундан улам жарандык коомдун көптөгөн институттарынын келип чыгышы бул саясатка жооп катары, элдин протестик маанайынын бир көрүнүшү болуп калган;

– саясий конкуренцияга (атаандаштыкка), саясий күрөштүн цивилизациялуу формаларына жол бербөө. Пропорционалдык система боюнча шайлоолорду болтурбай коюу, оппозицияны кысымга алуу, көңүлгө туура келбеген депутаттарды, коомдук ишмерлерди, алардын жакындарын жана туугандарын куугунтуктоо - так мына ушуну менен түшүндүрүлөт. Кыргызстанда өлкөнүн келечеги үчүн жоопкерчиликти өзүнө алууга жөндөмдүү күчтүн, түзүмдүн, саясий аянтчанын, күчтүү саясий партиялардын жоктугу тууралуу ой коомдо активдүү талкууланып келген;

– маалыматтык мейкиндиктин үстүнөн толук көзөмөлдөөгө карата аракеттер. Радио жана телекөрсөтүүнүн мамлекеттик каналдары, газеталар А.Акаевдин, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн оң имиджин сактоо, анын саясатын пропагандалоо, алар жүргүзүп жаткан багыт коом тарабынан колдоого ээ болуп жаткандай кылып көрсөтүү менен алектенишкен. Жооп катарында көптөгөн мамлекеттик эмес массалык маалымат каражаттары пайда болуп, булар ачык айтылбаган цензурага, соттук куугунтуктоого жана бийлик тарабынан кысым көрсөтүүлөргө туштугушкан;

– дискуссиялардан, консенсуска жетишүүдөн баш тартуу жана жарандык коомдун бийликке каршы турган бөлүгү менен өз ара мамилелеринде күч колдонууга көбүрөөк маани берүү. А.Акаев бир нече ачык тегерек үстөлдөрдү, оппозиция менен жолугушууларды өткөргөн, бирок макул эместерди баш ийүүгө келтирүү үчүн күч колдонуу багытынын маңызы мурдагы боюнча калган;

– экономикалык чөйрөгө кийлигишүү, мында А.Акаевдин үй-бүлө мүчөлөрү жана туугандары иш жүзүндө бардык кирешелүү ишканаларды жана чарбалык ишмердүүлүктүн түрлөрүн өздөрүнүн көзөмөлүнө алышкан. А.Акаевдин башкаруусунун акыркы жылдары алар объекттерди, банктарды, жер участокторун ж.б. рейдердик басып алууларды ачык колдонууга алышкан. Максат жеке баюуда гана эмес, ошондой эле кубаттуу каржылык-экономикалык ресурстардын жардамы менен бийлигин сактап калууда турган;

– туруктуу өнүгүү үчүн зарыл болгон саясий элитаны түзүү жогортон дайындоо жолу менен жүргүзүлгөн, кадрларды дайындоо жана алмаштыруу, шайлоо жараянындагы атаандаштык тандоо таза жана адилет өткөрүлбөстөн, тескерисинче, бийлик тарабынан таасирдүү колдоо, туугандык, уруулук белгилери боюнча, мыйзамды одоно бузуу менен жүзөгө ашырылган. А.Акаевге каржылык ресурстардан тышкары коомдо бюрократиялык катмар түрүндөгү өзүнүн электоралдык таянычынын турганы керек болгон. Мына ушул себептен улам ал өкмөттүн, административдик ведомстволордун, күч түзүмдөрүнөн жана бийликтин жергиликтүү органдарынын үстүнөн болчу көзөмөл үчүн парламент менен өзгөчө жанталашып күрөшкөн. Кадрдык маселелерде өзгөчө ролду А.Акаевдин үй-бүлө мүчөлөрү ойношкон.

## Список литературы

1.Акаев А.: «Жарым жартылай эмес, толук кандуу демократияга багыт алдык» // «Асаба», гезит, 29-октябрь, 1992-жыл. 4-бет.

2.Арабаев А. А. Современный Кыргызстан: государственно-правовое развитие / Арабаев А. А. – Бишкек: Право и политика, 2009. – 189 с.

3.Выступление А. Акаева в Центре стратегических исследований в Вашингтоне. // Слово Кыргызстана. – 2002. – 26 сентября.

4.Выступление А. Акаева по телевидению 5 февраля 2003 г. // Слово Кыргызстана. – 2003. – 5 февраля.

5.Жаманкулов Ж.М. Конституция Кыргызской Республики 1993 года: Возраждение суверенного государства / Жаманкулов Ж.М. –Бишкек: ДА МИД КР, 2009. – 321 с. // Архив Президента Кыргызской Республики. Т.1, оп.5, ед.хр.19, л.548;

6.Жунушалиева Г.Д. Особенности эволюции бюрократической системы Кыргызстана в советский и постсоветский периоды / Жунушалиева Г.Д. – Бишкек: КРСУ, 2013. – 320 с.

7.Исаев К. «Восток - дело тонкое» или лицо кыргызской власти глазами очевидца. - URL: http://kassym.narod.ru/vostok/vostok12.htm

8.Климентов Д. Плюрализм по-киргизки. Государство, где проявились все болезни присущие странам СНГ // Компромат.Ru. - 1 июня 2000 г. - URL: http//www.compromat.ru/page_10016.htm

9.Обращение Президента Кыргызской Республики к народу по поводу Референдума (всенародного голосования) 10 февраля 1996 г. //Слово Кыргызстана, 1996. – 4-5 января.

10.Обращение Президента Кыргызской Республики А. Акаева к народу Кыргызстана.// Слово Кыргызстана. – 1998. – 2 сентября.

11.Обращение Президента Кыргызской Республики А. Акаева к народу. // Слово Кыргызстана. – 2002. – 18 октября.

12.Укушев М. Диагноз: агрессивно-послушная Конституция. / Укушев М. –Бишкек: Республика, газета – 1995. – 25 марта.